**Пресс-релиз**
**Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы эсептик чен өлчөмүн өзгөртпөстөн, 11 пайыз деңгээлинде калтыруу чечимин кабыл алды**

Улуттук банк Башкармасы 2015-жылдын 30-мартында эсептик чен өлчөмүн өзгөртүүсүз, 11 пайыз деңгээлинде калтыруу чечимин кабыл алды.

Түптөлгөн экономикалык жагдайга талдап-иликтөөлөр бир жагынан, керектөө баа индексинин өсүш арымынын басаңдашынын орун алып, экинчи жагынан өлкөнүн экономикалык өнүгүшү мурдагыдай эле, тышкы факторлордун таасирине дуушар болуп жаткандыгын чагылдырууда.

Март айынын орто ченине карата абал боюнча инфляция жылдык мааниде алганда 2014-жылдын акырындагы 10,5 пайыздан 8,6 пайызга чейин төмөндөгөн. 2015-жылдын январь-февраль айларындагы экономикалык өсүштүн жогорку көрсөткүчү (9,5 пайыз) эң башкысы, "Кумтөр" алтын кенин казып алуу ишканаларында өндүрүштүн өсүшү менен шартталган. "Кумтөрдү" эске албаганда ички дүң өнүмдүн реалдуу өсүш арымы 3,8 пайызды түзгөн.

Негизги өнөктөш өлкөлөрдөгү экономикалык жагдай тышкы соода жана акча которуулар аркылуу, өлкөнүн экономикалык өсүш арымынын басаңдашына таасир этип, валюта рыногуна келтирилип жаткан басым сакталып калууда.

Улуттук банк өлкө экономикасындагы жагдайга мониторинг жүргүзүүнү улантып, мыйзамдарда аныкталган мандатына ылайык, орто мөөнөттүк мезгилге акча-кредит саясатынын негизги багыттарында аныкталган, инфляцияны 5-7 пайыз деңгээлинде чектеп турууга багытталган тиешелүү чараларды колдонууну улантат.

Улуттук банк Башкармасынын эсептик чен өлчөмү маселесин кароого алган кийинки отуруму 2015-жылдын 27-апрелине пландаштырылган.